## Театр ханышасы Бермет Өмүрова 80 жашта

**Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалуу драма театрында узак жыл үзүрлүү эмгектенип, калктын кадырлоосуна, театр сүйүүчүлөрдүн алкоосуна арзыган Бермет Өмүрованы төрт тарабы төп келген чыгармачыл өнөр ээси деп атасак ашыктык болбос. Дегенибиз, театр сахнасында трагедиялык драма болобу же комедия жанрындагы спектакли, өзүнө тагылган образды көрүүчүлөрдү өзү менен кошо жашатып, арбап алган деңгээлге чейин терең ачып берип, классикалык же эстрадалык ырларды кыябына жеткире аткарган ырчылык өнөрү менен тарыхка өзгөчө из калтырды. Бирок өкүнүчтүүсү ушундай чоң талант ээсинин эмгеги кеч бааланып, жакында гана Кыргыз Республикасынын Эл артисти наамы ыйгарылды. Бул наам бир чети элдин бийик баасына татыган Бермет Өмүрованын 80 жылдык курагында аябай чоң белек болуп калды.**



# Төрт тарабы төп келген өнөр ээси

Бермет Өмүрова 1941-жылы Ысык-Көл облусуна караштуу Темир айылында жарык дүйнөгө келген. Атасы Өмүр Ысык-Көл кылаасындагы белгилүү молдо болуп, касиети менен адамдардын дартына дабаа таап берип, далай кишини айыктырган дешет. Бермет эженин айтуусунда, эженин келечегин алдын ала билип, жалгыздык жөнүндө көбүрөөк айтып, кудай берген тагдырга таарынбай, алдыга карай эмгектенип жашашын кулагына кумдай куйган экен.

Ал бала кезинде көп нерсени окуп үйрөнүп, элдин кызы болууну кыялданып келгенин биз дамчысы болуп иштейт. Ал жерден окууга жиберип, окуп келген соң 4-разряддагы ашпозчу болуп иштей баштайт. Бала кезинен мал союп, устукандаганды өздөштүргөн Бермет эжеге ашпозчу болуп иштөө кыйынчылыкты туудурбаптыр. Тилекке каршы, га барып, Асанкан Жумакматовдун сынынан өткөнүн төмөнкүчө айтып берди.

- Ал жерден да " Айнагүлдү" ырдадым. Ырдап жатсам, улам "тонду көтөр" дейт. Же мен тон деген эмне экенин билсемчи. Үнүмдү бийик кылып ырдап коём. Көрсө



танаттуу белгиленди. Аталган театрдын артисттери тарабынан актрисанын чыгармачылык өмүр жолу сахналаштырылып, концерттик кече менен коштолду. Салтанаттуу кечеге Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Кайрат Иманалиев, кыргыз Эл акыны Меңди Мамазаирова, драматург Жеңишкүл Өзүбекова, төкмө акын Азамат Болгонбаев сыяктуу маданият өкүлдөрү катышып, арзуу тилектерин жолдошту.

-Бүгүн маданиятыбызда чоң салтанат, анткени, маданият тарыхында өз орду бар, таланты бийик эжебиз Бермет Өмүрованын өздүк жана чыгармачылык тою белгиленип олтурат. Обон созгондо бийик үнү менен калың элдин катмарына сиңип, чыгармачылыгы ырчылыкта болобу, театр багытында болобу өсүп-өнүп келе жатат. Бермет эже ар тараптуу талант. Чыгармачылыкта гана эмес, спорт жаатында да чеберчилигин көрсөтө алган. Өз кезегинде улут-

отурду. Бир кезде мектепте сабак берген мугалим эжейинин татынакай жүзү, колунун назиктиги, сөөмөйүнүн ичкелиги таасир калтырып, келечекте мугалим



болуусуну кыялданган экен. Бирок, тагдыр буюрганды, бешенеге жазылганды көрүп, кийин такыр башка кесипке багыт алыптыр. Алгач 7-классты аяктагандан кийин Ананьево айылындагы медициналык окуу жайында окуйт. Апасы "медсестраларды согушка алып кетип калат турбайбы" деп кооптонуп, күбөлүгүн алдырбай койгон экен. Андан кийин бала кезинен спортко жакын болгондуктан, ат спортунда иштеп калат. Ал жакта иштеп жүрүп, Россиянын бир топ жерин көрөт. Кийин тагдырдын буйругу менен Фрунзе шаарындагы "Суусамыр" ресторанында ашпозчунун жар-гери сага ысык жерде иштегенге болбойт, кесибиңди алмаштыр" деген кеңеш берет. Өзүнүн эскерүүсүндө бир күнү Дзержинский көчөсүндөгү куурчак театрынын жанынан өтүп баратып, ырдап жаткандарын угуп калат. Дарыгердин "кесибиңди алмаштыр" деген кеңеши эсине түшүп, бир чети мектепте окуп жүргөндө өздүк көркөм чыгармачылыгынан калбай, ырга жакын өскөн жаш кыз кирип көрүүнү чечет. Театр ичи менен таанышып жүрүп, Асек Жумабаев, Ысмайыл Борончиевге жолугуп калат. Аларга келгендеги максатын айтып, ошол кездеги популярдуу болуп жаткан "Айнагүл" деген ырды ырдап берет. Дароо эле жактырышып, ишке чакырышат. Бирок, баргысы келбей, ресторанда иштеп жүрө берет. Кийин филармонияга бир жарым тон бийик көтөрүп ырдатыптыр. Аягында ыраазы болуп, "где ты была до сих пор?" деди эле, мен ага "около плиты" десем баары күлүштү. Ошентип, Токтогул Сатылганов атындагы кыргыз улуттук филармониясында 10 жылдан ашык солист болуп иштеп калдым. Жолдошум Мамбет Таранчиев менен ошол жактан таанышып, баш коштук. Кийин 1978- жылы Нарын драма театрына которулуп келдик. Ошондон бери эч жакка кетпей, бул жерде иштеп калдык. Нарын элинен, Нарын жеринен айланайын! Ушул сыймыкка элим жеткирди десем жаңылышпаймын. Азыр мен жалгыз эмесмин, мени ар дайым колдоп турган элим бар! Мен ыраазымын. Театрга келгенибизде С.Андабеков, Б.Алиев, К.Медетбеков, К.Карасартова, Т.Жумакаева сыяктуу залкарлар менен иштешип, алардын тажрыйбаларынан бөлүшүп, сынын угуп, бир кыйла такшалдым,- деди Бермет Өмүрова.

Жазуучу чыгарма жаратса, андагы каармандарды сүйлөтүп, сахна үстүндө анын кулк-мүнөзүн, тагдыр жолун элге жеткирип, кейипкердин образын толук ачып берүү оңойго турбаса керек. Ошентсе да, кыйынчылыктарына карабай, элге ырдап, роль аткарып сахнага чыгуу актриса үчүн өтө жагымдуу.

Актриса чыгармачылык жолунда бир канча роль жараткан. Мисалы, Бегайша (Т.Актанов "Күч күйөө"), Мастан (У.Шекспир "'Макбет"), Эне (К.Мамбетакунов "Үкөй"), Уулжан (Т.Абдумомунов "Борбаштын досу Камгакбай"), Бермет (Ж.Садыков "Пудовкин"), Нурия (М.Гапаров "Дарыянын шоокуму"), Кабато (Цагарелли "Ханума"), Сот (Э. Өмүракунов "Жыландар ханышасы"), Баян (З. Сооронбаева "Баян"), Жайма-жай (К.Ажымудунов "Тирүүлөй өлүктөр"), Акбара (Ч.Айтматов "Кыямат"), "Чыңгызхандын ак булуту", Жаркынайым (К.Иманалиев, "Курманжан датка"), С.Раевдин "Кашар", Ж.Өзүбековананын "Менин революциям, менин сүйгөнүм", Ш.Турдакуновианын "Уурдалган өмүр" жана башка көптөгөн чыгармаларда ролдорду ойноогон.

Андан тышкары сатира жанрында да "Абысындар" (Э.Сатаров), "Болуштун кайгысы", "Мардын күлкүсү" (М.Байжиев), "Ач көз жеңе" (Ж. Абдыкадыров) жана башка сатиралык интермедияларда кайталангыс образдарды жараткан. Ошондой эле, ырчылык өнөрүндө бийик диапазондуу үнү менен коомчулукка кеңири таанылган. Айрыкча, композитор Ж.Шералиевдин, А.Кыязов, К.Мендебаиров, Э.Мааданбеков, К.Жусупов, К.Турганалиев сыяктуу обончулардын чыгармаларын өзгөчө үн менен ырдап келет.

Мына ушундай чыгармачыл жолду басып өтүп, улуу өнөр жолунда 55 жылдан бери элге кызмат кылып келе жаткан Б. Өмүрованын 80 жылдык маарекеси Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалуу драма театрында салтук кыз куумай оюнуна катыш... жетишкен ийгилиги үчүн Кыр... ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасына ээ болгон. Мындан улам эженин чыйрак, зирек, тың, чечкиндүү мүнөзүн билсек болот. Эмгек эч качан өлбөйт, жакында КРнын Президентинин Жарлыгы менен эгемендүүлүктүн 30 жылдык маарекесине карата Кыргыз Республикасынын Эл артисти деген наамга ээ болду. Нарын театры менен кышы, жайы дебей эл арасында болуп, турмуштун, театрдын татаал жана даңктуу дагы жолдорун басып, 80 жылдыгын эли, журту менен белгилеп олтурганы биз үчүн кубаныч,-деди Кайрат Иманалиев.

Кечени жүргүшүндө актриса Бермет Өмүрова Ж.Өзүбекованын "Менин революциям, менин сүйгөнүм", К.Иманалиевдин "Курманжан датка" жана башка чыгармалардан үзүндү аткарып, келген меймандардын кубаттоосуна арзыды.

Искусствонун театр тармагында көп жылдар эмгек кылып, сахна жылдызы катары көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапкан талантуу актриса, мукам үндүү ырчы Бермет Өмүрованын басып өткөн чыгармачылык жолу, иштеген иши кесиптештерине өрнөк. Алдыда дагы далай образдарды жаратып, калкыбыздын рухий казынасынын байышына опол тоодой салым кошот деген терең үмүттөбүз.

**А.КАДЫРКУЛОВА.**